**2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы Чүй областынын Москва районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, муниципалдык ишканаларынын ишине жана республикалык бюджеттеги айрым мекемелердин бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө**

**Отчет**

**Аудит объектилери**

Аудит объектилери болуп – Чүй областынын Москва райондук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Москва финансы башкармалыгы, Москва районунун өз алдынча башкаруу органдары жана муниципалдык ишканалары эсептелет.

**Жооптуу тараптардын милдеттери**

Аудит объекттеринин жалпы милдеттерине мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле, ушул аудиттин предметине болгон жоопкерчилик кирет.

**Аудит тобунун милдети**

Биздин милдет, биз жүргүзгөн аудиттин негизинде шайкештик аудит предмети аудиттин тиешелүү критерийлерибоюнча өз алдынча корутундуларга келүүдө турат. Аудит өзүнө, биздин корутундуну тастыктаган жетишээрлик, талаптагыдай далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор алдамчылыктын же катачылыктын негизинде жол берилген олуттуу шайкештик эместиктин тобокелдигин баалоону камтыган, аудитордун кесиптик пикирине жараша болот. Биз аткарган аудиттин жол-жоболору, ушул жагдайларга туура келет деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер, ушул отчетто жазылган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн, жетиштүү жана талаптагыдай болуп эсептелет деп болжолдойбуз.

**Предмети**

Аудиттин предмети болуп, жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу процесстеринин, ошондой эле, республикалык бюджеттеги мекемелердин жана муниципалдык ишканалардын мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын талаптарына шайкештиги эсептелет.

Аудиттин жалпы көлөмүнө киргизилген конкреттүү иш-чаралар:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдык, ченемдик жана укуктук актыларын изилдөө;
- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттеринин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктарынын аткарылышын талдоо;
- бюджеттик процесстин мыйзам-ченемдерге шайкештигине аудит;
- айыл аймагынын бюджетинин киреше бөлүгүнүн түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит;
- айыл аймагынын бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит;
- бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасынын түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит (республикалык бюджеттеги мекемелер үчүн гана);
- финансы-чарбалык ишине аудит (муниципалдык ишканалар үчүн гана);
- кассалык жана банктык операцияларга аудит;
- эмгек акыга каражаттардын пайдаланылышына аудит;

- бюджет жана Социалдык фонд менен эсептешүүлөрдүн абалына аудит;
- командировка чыгымдарына жана эсеп берме жактар менен эсептешүүгө аудит;
- транспорт каражаттарын күтүүгө, КММ чыгымдарына ченемдердин сакталышына, запастык бөлүктөрдү эсептен чыгаруунун негиздүүлүгүнө ж.б. аудит;
- коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө жана байланыш кызматтарына ченемдердин сакталышына аудит;
- курулуш-куроо иштерине, капиталдык жана учурдагы оңдоо иштерине каражаттарды пайдаланууга аудит;
- ижара мамилелерине аудит;
- дебитордук жана кредитордук карыздарга аудит;
- мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүгө аудит;
- негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын, так отчеттуулуктагы бланктардын сакталышына аудит;
- бухгалтердик эсептин жана финансылык отчеттуулуктун абалына аудит;
- аудиттин жыйынтыктарын тариздөө.

**Аудиттин критерийлери**

Жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшүнүн жана аткарылышынын, ошондой эле, республикалык бюджеттеги мекемелер жана муниципалдык ишканалар үчүн мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун мыйзамдарга шайкештигин баалаган критерийлер:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы № 131 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы № 767 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 22-майындагы № 278 токтому менен бекитилген Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө нускама;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы № 243 токтому менен бекитилген Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө типтүү жобо;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускама;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобо жана башка ЧУА;

- ички ченемдик документтер ж.б.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Аудиттер шайкештик аудит үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы каралган), ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы № 01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудитинин колдонмосуна жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2016-жылдын 20-декабрындагы №03-7/155 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жана анын аймактык бөлүнүштөрү тарабынан жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча көрсөтмөсүнө ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык нормаларды сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу нормаларга ылайык келе тургандыгына негиздүү ишеним алуу үчүн, аудитти пландаштыруу жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача мүнөздөмөсү**

Аудиттерди жүргүзүүнүн негизи болуп, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылга аудитордук иш планы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн буйруктары саналат.

Аудиттер Москва райондук мамлекеттик администрациясында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Москва финансы башкармалыгында, Москва районунун **12** өз алдынча башкаруу органдарында жана **4** муниципалдык ишканаларында жүргүзүлгөн.

Аудиттер Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн бекитилген программасына ылайык, аудит объекттеринин кызмат адамдары тарабынан берилген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 29-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, аудиттерди жүргүзүү үчүн аудитке берилген маалыматтар үчүн аудит субъекттеринин кызмат адамдары жоопкерчилик тартат.

Москва районунда жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча, бардыгы:

Аныкталган финансылык бузуулар – **7 630,8** миң сом, анын ичинде:

- акча каражаттарынын жетпей калуусу жана уурдоолор – 9,4 миң сом.
- каражаттарды чыгымдоодогу бузуулар жана кемчиликтер – 7 454,0 миң сом, анын ичинде:
  - эмгек акыны негизсиз төлөөлөр- 5 943,9 миң сом;
  - бюджеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу – 318,5 мин сом;
  - курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы – 847,4 миң сом;

- эсеп боюнча жашырылган дебитордук жана жогорулатылган кредитордук карыз – 344,2 миң сом;

- бюджеттин кошумча чегерилген кирешелери – 167,4 миң сом, алардын ичинен;
  - салык жана бажы мыйзамдарын бузуулар – 7,3 миң сом
  - бюджетке которулууга тийиш болгон ижара акысы – 160,1 миң сом.

Аныкталган бюджеттин резервдери жана жоготуулары **-9 587,0** миң сом, анын ичинде:

- товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык чыгымдары-83,7 миң сом;
- эмгек акы төлөөдөгү бузуулар – 243,6 миң сом;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башка органдар тарабынан бюджетти түзүүдө анын киреше бөлүгүнүн көрсөткүчтөрүн азайтуу жана чыгаша бөлүгүнүн көрсөткүчтөрүн жогорулатуу менен колдонуудагы мыйзамдарга карама-каршы келген чечимдерди кабыл алгандыгына байланыштуу, салык, бажы жана башка төлөмдөр боюнча жана бюджеттин чыгаша бөлүгү боюнча бюджеттин жоготуулары – 8 309,9 миң сом;

Аныкталган рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар – **7 493,4 миң сом**, анын ичинде:

- ТМБ нормативден ашыкча запастары жана эсептеги каражаттар-7 493,4 миң сом.

**Мурдагы аудиттин сунуштамаларынын аткарылышы**

2021-жылга Москва районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, айрым мекемелердин бюджеттик, атайын жана башка каражаттарынын пайдаланылышына жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча аныкталган:

- финансылык бузуулар **– 10 768,7 миң сомго;**
- бюджеттин резервдери жана жоготуулары **5 410,8 миң сомго;**
- рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар **– 1 938,9 миң сом.**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары Москва райондук мамлекеттик администрациясынын коллегиясында каралган. Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 1 806,1 миң сом суммасындагы финансылык бузуулардын 598,5 миң сому калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген 1 207,6 миң сом, Беловодск айыл өкмөтү (курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы).

**Москва районунун 2022-жылга социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдорун жана тескемелерин ишке ашыруу максатында, туруктуу өнүгүүнүн максаттарына жетүүдө, айыл өкмөттөрүнүн башчылары менен бирдикте, 2022-жылдын 12 айында төмөнкү иштер аткарылган.

2022-жылы Москва районунда өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн иш жүзүндөгү көлөмү 4 963,7 млн. сомду түзгөн. Өткөн жылда – 3 469,3 млн.сом, өсүү темпи 143,1%.

2022-жылы жалпы суммасы 521,6 млн.сом (2021-жылы-250,9 млн. сом) инвестициялар тартылып, 319 жумуш орууну түзүлгөн.

Бүгүнкү күндө кант өндүрүү боюнча "Ак-Суу Вита" ААК ишин жандандыруу боюнча инвесторлор менен сүйлөшүүлөр жүрүп жатат.

2022-жылы Москва райондук өнүктүрүү фонду тарабынан 10 долбоор ишке ашырылган. 6 долбоор толугу менен 9 268,2 миң сомго каржыланган. Анын ичинен 8 980,2 миң сому – фонддун каражаттары, 288,0 миң сому – айыл өкмөтүнүн өздүк каражаттары.

Жакынкы мезгилде бир катар долбоорлорду ишке ашыруу пландаштырылууда, анын ичинде:

- Ак-Суу айыл аймагында өздүк каражаттардын эсебинен (Б. Мукашев) наркы 60,0 млн. сом керамзит өндүрүү боюнча завод курулуп жатат; 70 жумуш орунун түзүү пландаштырылууда; бүгүнкү күндө курулуш иштеринин 90% аткарылган, 54,0 млн. сом өздөштүрүлгөн; азыркы учурда 40 адам иштеп жатат;

- Петровка айылында "Бай элим" ЖЧКсы тарабынан наркы 240,0 млн. сом (1-баскыч) болгон помидорлорду консервалоо заводун куруу жана туруктуу негизде 100 жумуш орунун түзүү пландаштырылган (сезон ичинде 500 жумуш орундарын түзүү пландаштырылууда); бүгүнкү күндө курулуш иштери жүрүп жатат, 15,0 млн сом өздөштүрүлгөн; 1-объект ишке киргизилген; азыркы учурда 50 адам иштеп жатат;
- Беловодское айылында "Баян" ЖЧКсы наркы 10,0 млн сом болгон тигүү цехин ишке киргизген; 160 жумуш орундарын түзүү пландаштырылган; азыркы учурда 8,3 млн. сом өздөштүрүлгөн; 100 адам окутуудан өтүп, туруктуу негизде иштей баштаган;
- Садовое айылында наркы 200,0 млн. сом "Бишкек канаттуулар фабрикасы" ЖЧКсы тарабынан (1-баскыч) тоок фермасын куруу жана 70 жумуш орундарын түзүү пландаштырылган; Бүгүнкү күндө 187,7 млн сом өздөштүрүлгөн; азыркы учурда 50 адам иштеп жатат.
- Садовое айылында "Агро стар" ЖЧКсы тарабынан наркы 20,0 млн сом болгон логистикалык борборду куруу жана 10 жумуш орундарын түзүү пландаштырылган; Бүгүнкү күндө 17,8 млн. сом өздөштүрүлгөн.

**2022-жылга бюджеттин аткарылышы.**

2022-жылга мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгү 443,8 млн.сомду түзгөн, накталай түшүүлөр 444,0 миң сомду түзгөн. Пландын аткарылышы 100,0%, же пландалгандан 190,0 миң сомго көп түшкөн (2021-жылы накталай каражаттардын түшүүсү 365,4 млн.сомду түзгөн). Салыктык төлөмдөр боюнча өсүү темпи 121,5% түзгөн.

Анын ичинде, республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн планы 253,8 млн.сомду түзгөн, акча каражаттарынын түшүүлөрү 223,0 млн. сомду түзгөн. Пландын аткарылышы 87,9% түзгөн же пландалгандан 30,8 млн.сомго аз жыйналган.

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн планы 189,9 млн.сомду, акча каражаттарынын түшүүлөрү 220,9 млн. сомду түзгөн. Планды аткаруу 116,3% түзгөн же пландалгандан 31,0 млн.сомго көп түшкөн.

Республикалык бюджеттен алынган трансферттердин көлөмү 46 559,3 миң сомду түзгөн, анын ичинен 8 152,0 миң сом – теңдештирүүчү гранттар.

Түрткү берүүчү гранттар боюнча 2022-жылы Москва райондук комиссиясы тарабынан 4 долбоор каралган, алардын жалпы суммасы 10,7 млн.сом, анын ичинде өздүк каржылоо-2,1 млн. сом.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгында, төмөнкү мекемелердин, уюмдардын жана ишканалардын иши, төмөндөгү жагдайлардан тышкары, бардык олуттуу аспекттер боюнча, аудиттин тиешелүү критерийлерине шайкеш келгендиги аныкталды.

**Москва райондук мамлекеттик администрациясы**

2022-жылга чыгымдар сметасы 10 571,2 миң сом суммасында бекитилген, 15 940,5 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 13 799,1 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү чыгымдар 13 532, 8 миң сом суммасында жүргүзүлгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган 3 кызматкер кабыл алынган, аларга **105,4** миң сом суммасында эмгек акы төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына мамлекеттик кызматкерлерди дайындоо, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин талаптарына так ылайык жүргүзүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманы бузуу менен, эсептеги каражаттардын нормативден ашыкча калдыгы (дебитордук карыз кредитордук карыздан ашыкча) **360,8** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, дебитордук карыздардын калдыгы бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Дж. Мейманалиев

**Москва районунун Өнүктүрүү фонду**

2022-жылга чыгымдар сметасы 20 000,0 миң сомго бекитилген жана такталган, кассалык жана иш жүзүндөгү чыгымдар 9 074,7 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин “Жумуш убактысын ченемдүү узактыгынын чегинен тышкары иштөө күнүнө 4 сааттан жана жумасына 20 сааттан ашпоого тийиш”, деп белгиленген 99-беренесинин 3-бөлүгүн бузуу менен, Москва райондук Өнүктүрүү фондунун директорунун 2022-жылдын 14-мартындагы №1 буйругунун негизинде, Москва райондук мамлекеттик администрациясынын эсепчиси Акименко Л.В. Москва райондук Өнүктүрүү фондунун штаттык ыраттамасына ылайык кызмат акы менен, башкы эсепчинин кызмат ордуна кабыл алынган. Ага ылайык, 2022-жылдын 14-мартынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейин ага негизсиз **68,2** миң сом төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго төлөмдөр 10,0 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, айкалыштырып иштөө боюнча жумушка кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 99-беренесинин 3-пунктунун талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Т. Исанов

**Ак-Суу айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү активдер жана милдеттенмелер менен 10 775,0 миң сомго бекитилген, 15 818,9 миң сомго такталган, иш жүзүндө аткаруу 17 976,6 миң сомду түзгөн же план 113,6% аткарылган. Кирешелер пландалгандан 2 157,7 миң сомго көп түшкөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 10 775,0 миң сом суммасында бекитилген, 16 801,4 миң сом суммасында такталган, кассалык чыгаша 15 406,7 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү чыгаша 13 668,8 миң сом суммасында жүргүзүлгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Бекитилген бюджетке өзгөртүүлөр жана толуктоолор, Ак-Суу айылдык кеңешинин 2022-жылдын 24-мартындагы №44, 2022-жылдын 15-майындагы №45, 2022-жылдын 15-июлундагы №46, 2022-жылдын 19-октябрындагы №57 жана 2022-жылдын 21-декабрындагы №62 токтомдору менен 5 жолу киргизилген.

Бул учурда, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин "бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актыга бюджеттик жылдын ичинде эки жолудан көп эмес өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн: биринчиси-учурдагы бюджеттик жылдын 1-июнуна чейин, экинчиси-1-ноябрына чейин", деп белгилеген 115-беренесинин 4-бөлүгүнүн талаптарынын бузулгандыгын белгилей кетүү керек.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджетти бекитүүдө, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинде белгиленген тиешелүү мөөнөттөр так сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудит мезгилинде жалпы суммасы **17,4** миң сомго бекитилген ченемден ашыкча электр энергиясы сарпталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттик каражаттарды рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу максатында, электр энергиясына бекитилген ченемдер так сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 21-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, келишимди тикелей түзүү усулу менен сатып алууларда, бааларга мониторинг жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, мамлекеттик сатып алууларды ишке ашыруунун жол-жоболорун уюштуруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын талаптары сакталсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2019-жылдын 16-сентябрындагы №107-П "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талаптарын бузуу менен, 41,5 миң сом суммасында кредитордук карыз жана 10,0 миң сом суммасында товардык-материалдык баалуулуктардын калдыгы бухгалтердик эсеп боюнча көрсөтүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Аудиттин жүрүшүндө 41,5 миң сом кредитордук карыз жана 10,0 миң сом товардык-материалдык баалуулуктардын калдыгы бухгалтердик эсеп боюнча көрсөтүлгөндүгү эске алынсын. Мындан ары, кредитордук карыздарды жана товардык-материалдык баалуулуктарды өз убагында эсепке алуу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор К. Чымылдаков.

**Александровка айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин кирешелер бөлүгү активдер, милдеттемелер жана трансферттер менен 23 201,2 миң сом суммасында бекитилген, иш жүзүндөгү кирешелер 32 281,5 миң сомду түзгөн, план 117,4% аткарылган, же кирешелер пландалгандан 4 774,2 миң сомго көп түшкөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү атайын эсептин каражатарысыз 22 551,2 миң сом суммасында бекитилген жана жыл ичинде 40 103,4 миң сом суммасына такталган. Кассалык чыгымдар 31 746,1 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү чыгымдар 22 390,5 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, аткарылган курулуш-куроо иштердин наркынын жогорулатылгандыгы аныкталган:

- "А.Арбуду атындагы орто мектебинин чатырын капиталдык оңдоо" объектиси боюнча подрядчы «Кеменгир Инжиниринг» тарабынан **54,1** миң сомго.
- "Көмүрдү сактоо үчүн бастырмаларды куруу" объектиси боюнча подрядчы «Кеменгир Инжиниринг» тарабынан **182,4** миң сомго.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган аткарылган иштердин наркынын жогорулатылган суммаларын бюджетке калыбына келтирүү боюнча иш чаралар жүргүзүлсүн:

- "А.Арбуду атындагы орто мектебинин чатырын капиталдык оңдоо" объектиси боюнча подрядчы «Кеменгир Инжиниринг» тарабынан 54,1 миң сом.

- “Көмүрдү сактоо үчүн бастырмаларды куруу” объектиси боюнча подрядчы «Кеменгир Инжиниринг» тарабынан 182,4 миң сом.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманы бузуу менен, жылдын аягына карата **967,8** миң сомго отундун нормативден ашыкча запастары аныкталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, дебитордук карыздардын калдыгы бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманын талаптары так сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесин бузуу менен,аудит мезгилинде конкурс өткөрүлбөстөн, конкурстук документацияны электрондук веб-порталда жайгаштырбастан, 180,7 миң сомго кызмат көрсөтүүлөр жана жумуштар сатып алынган..

**Сунуштама:**

Мындан ары, мамлекеттик сатып алууларды ишке ашыруунун жол-жоболорун уюштуруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесинин талаптары сакталсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен жактырылган Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө Типтүү жобону бузуу менен, АЧЖМФ жерлери үчүн ижара акылар өз убагында өндүрүлбөйт. 2022-жылдын 31-декабрына карата ижара акысы боюнча дебитордук карыз 4 460,1 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Кыска мөөнөттө, ижарачылардан ижара акысы боюнча карыздарды, келишимдин шарттарына ылайык, ижара акысын өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн чегерилген туумду кошуп өндүрүү боюнча иштиктүү чаралар жүргүзүлсүн.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин 10-пунктун жана Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 26-январындагы №30 “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесин бузуу менен, жайыт комитети тарабынан жайыттарды пайдалануу үчүн алынган төлөмдүн 1/3 бөлүгү **7,8** миң сом суммасында жергиликтүү бюджетке которулган эмес.

**Сунуштама:**

Жайыт комитети тарабынан жергиликтүү бюджетке мурда которулбаган 7,8 миң сом аудиттин жүрүшүндө жергиликтүү бюджетке которулгандыгы эске алынсын (2023-жылдын 3-апрелиндеги №4133 квитанциясы). Мындан ары, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгүн жергиликтүү бюджеттин кирешесине өз убагында которуу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин 10-пунктунун жана Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 26-январындагы №30 “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесинин талаптарынын аткарылышы камсыздалсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Ш.Кенешов жана А. Мусуралиев

**“Александровка” муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Александровка айыл өкмөтү)

2022-жылга Кирешелер жана зыян жөнүндө (убытки) отчетко ылайык, операциялык ишмердүүлүктөн кирешелер 2 850,2 миң сомду түзгөн, товарларды сатуунун өздүк наркы – 2 527,9 миң сомду түзгөн, 322,3 миң сом дүң киреше алынган, жалпы административдик чыгымдар – 451,0 мин сом, же ишкананын тарткан зыяны (убыток) 128,7 миң сом.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудитте ишкананын үч кызматкерине жалпы суммасы **8,5** миң сом ашыкча төлөгөндүгү аныкталды.

**Сунуштама:**

Ишкананын үч кызматкерине жалпы суммасы 8,5 миң сомго ашыкча төлөнгөн эмгек акы, аудиттин жүрүшүндө калыбына келтирилгендиги эске алынсын (2023-жылдын 6-апрелиндеги №319100003, 319100005, 319100007 квитанциялары).

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Ш. Кенешов.

**Беловодск айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 78 501,8 миң сом суммасында бекитилген, анын ичинде, атайын эсептин каражаттары 4 100,0 миң сом, жыл ичинде 100 331,7 миң сомго такталган, 115 051,1 миң сом түшкөн, план 114,7% аткарылган, же кирешелер пландалгандан 14 719,4 миң сомго көп түшкөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 78 501,8 миң сом суммасында бекитилген, анын ичинен, атайын эсептин каражаттары 4 100,0 миң сом, жыл ичинде 106 324,6 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 91 412,0 миң сом, иш жүзүндөгү чыгымдар – 88 993,7 миң сом.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 3-беренсинин 11-пунктун жана 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук аткарылган эмес. Атап айтканда, 1 207,6 миң сом калыбына келтирилген эмес (курулуш-куроо иштери).

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазама буйругун аткарбаган жооптуу адамдардын жоопкерчилиги каралсын. 1 207,6 миң сомду калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн (курулуш-куроо иштеринин жогорулатылышы).

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Беловодск айылдык кеңешинин 2022-жылдын 10-июнундагы №91, 2022-жылдын 19-декабрындагы №103 жана 2022-жылдын 27-декабрындагы №118 токтомдору менен бекитилген бюджетке 3 жолу өзгөртүлөр жана толуктоолор киргизилген.

Бул учурда, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин “бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актыга бюджеттик жылдын ичинде экиден ашык эмес өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн: биринчиси - учурдагы бюджеттик жылдын 1-июнуна чейин, экинчиси - 1-ноябрына чейин”, деп белгиленген 115-беренесинин 4-бөлүгүнүн талаптары бузулгандыгын белгилей кетүү зарыл.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджетти бекитүүдө, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинде белгиленген тиешелүү мөөнөттөр так сакталсын.

3. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Талдоо көрсөткөндөй, кайра бөлүштүрүү фондунун жерлери жана айыл өкмөтүнүн карамагындагы жерлер боюнча 2022-жылга ижара акысы, анын ичинде жылдын башына

карата карыз 5 740,7 миң сомду түзгөн. Ошону менен бирге, бул булак боюнча 2022-жылга такталган болжолдуу план 2 800,0 миң сомду түзгөн. Ошентип, бюджеттин киреше бөлүгү **2 940,4** миң сомго негизсиз төмөндөтүлгөн, бул айыл өкмөтүнүн бюджетин жоготуусу болуп саналат.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, болгон киреше булактарын толук эсепке албагандыктын натыйжасында, түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1 жана 3-бөлүктөрүн бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган, 4 кызматкер кабыл алынган, аларга **315,4** миң сом суммасында эмгек акы төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерди жумушка кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1 жана 3-бөлүктөрү так жетекчиликке алынсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Тандап алуу жолу менен жүргүзүлгөн аудитте, 2022-жылдын декабрында арифметикалык ката кетирилгендиктен, эки кызматкерге эмгек акы аз төлөнгөн: А. Наматкуловага **4,6** миң сом, Б Шооруковго **3,8** миң сом.

**Сунуштама:**

А. Наматкуловага 4,6 миң сом, Б Шооруковго 3,8 миң сом аз төлөнгөн эмгек акы төлөнүп берилсин.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылдын 31-декабрына карата Социалдык фонддун **219,4** миң сом суммасындагы бухгалтердик баланс боюнча чагылдырылбаган жашырылган дебитордук карызы аныкталган.

**Сунуштама:**

Социалдык фонддун 219,4 миң сом өлчөмүндөгү жашырылган дебитордук карызы бухгалтердик эсеп боюнча калыбына келтирилсин. Москва районунун МСКБ менен өз ара эсептешүү актысы түзүлсүн.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жыл ичинде "Таза Айыл" муниципалдык ишканасына аткарылган иштер үчүн 19 931,5 миң сом төлөнүп, 59,8 миң сомго материалдар берилген. "Таза Айыл" муниципалдык ишканасы 19 614,0 миң сомго иштерди аткарган. Ошентип, жылдын аягында "Таза Айыл" муниципалдык ишканасынын карызы 377,5 миң сомду түзгөн. Бирок, бухгалтердик баланс боюнча "Таза Айыл" муниципалдык ишканасынын дебитордук карызы 317,5 миң сом суммасында көрсөтүлгөн же иш жүзүндөгү карыздан **59,8** миң сомго аз.

**Сунуштама:**

"Таза Айыл" муниципалдык ишканасынын 59,8 миң сом суммасындагы жашырылган дебитордук карызы бухгалтердик эсеп боюнча калыбына келтирилсин.

**8. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудитте 5,4 Гкал өлчөмүндө 42,6 миң сомго жылуулук энергиясы ченемден ашыкча керектелгендиги аныкталган. Мындан тышкары, керектелген жылуулук энергиясына төлөм өз убагында жүргүзүлбөгөндүгү үчүн **80,8** миң сом суммасында туум эсептелген жана төлөнгөн, бул бюджеттин жоготуусу болуп саналат.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттик каражаттарды рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу максатында, жылуулук энергиясына бекитилген ченемдер так сакталсын. Жылуулук энергиясы үчүн төлөмдөр өз убагында жүргүзүлсүн.

**9. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылдын 31-декабрына карата депозиттик каражаттардын эсебиндеги акча каражаттарынын калдыгы 327,8 миң сомду, анын ичинде үч жылдан ашык сакталган каражаттар **132,2** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" токтомунун 2-пунктунун негизинде, үч жылдан ашык сакталган 132,2 миң сом тиешелүү бюджетке которулсун.

**10. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманы бузуу менен, жылдын аягына карата **2 342,2** миң сомго эсепке алынууга тиешелүү болгон дебитордук карыздар аныкталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, дебитордук карыздарды эсепке алуу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускамага ылайык, өз убагында жүргүзүлсүн.

**11. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудитте 2022-жылдын 31-декабрына карата бала бакчадагы балдардын тамак-ашына төлөм боюнча ата-энелердин карызы 349,9 миң сомду түзгөндүгү аныкталды.

**Сунуштама:**

Балдар бакчасындагы балдардын тамак-ашына төлөм боюнча ата-энелердин 349,9 миң сом суммасындагы карызы аудиттин жүрүшүндө жоюлгандыгы эске алынсын.

**12. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылдын 1-январына карата АЧЖМФ жерлери үчүн ижара акысы боюнча дебитордук карыз 1 752,2 миң сомду түзгөн. 2022-жылга ижара акысынын жалпы суммасы 3 889,3 миң сомду түзгөн, жыл ичинде 3 523,8 миң сом төлөнгөн. 2022-жылдын 31-декабрына карата АЧЖМФ жерлери үчүн ижара акысы боюнча дебитордук карыз 2 182,5 миң сомду түзүп, жыл ичинде 24,6 пайызга көбөйгөн.

**Сунуштама:**

Келишимдердин шарттарына ылайык, ижарачылардан акы төлөө мөөнөттөрүн бузгандыгы үчүн АЖМФ жерлери үчүн ижара акысы боюнча карыздарды, анын ичинде эсептелген туумду өндүрүү боюнча зарыл иш-чаралар жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Дж. Мейманалиев.

**"Таза айыл" муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Беловодск айыл өкмөтү)

Чүй областынын прокуратурасынын 2023-жылдын 11-апрелиндеги №11/84 – 23 катына ылайык, болгон документтердин негизинде айрым маселелер боюнча аудит жүргүзүлүп, анын жыйынтыгы боюнча жалпы суммасы **1 509,4** миң сомго эмгек акыны негизсиз төлөө фактылары аныкталган (эмгектин зыяндуу шарттары үчүн үстөктү негизсиз төлөө – 563,2 миң сом, 5% үстөктү негизсиз төлөө – 482,9 миң сом, ашыкча төлөнгөн эмгек акы-463,3 миң сом).

Ошондой эле, ишкана чыгашалуу болгон учурда жалпы суммасы 103,5 миң сом сый акылар төлөнгөн. Штаттан ашыкча киргизилген бирдиктерге 544,6 миң сом сарпталган. Коомдук жана башка уюмдарда аныкталган финансылык бузуулар **648,1** миң сомду түзгөн.

Аудиттин материалдары 2023-жылдын 12-майындагы №01-9/134 каты менен Чүй областынын прокуратурасына укуктук баа берүү үчүн жиберилген.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Дж. Мейманалиев

**Беш-Терек айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин кирешелер бөлүгү активдер, милдеттемелер жана трансферттер менен 3 753,2 миң сом суммасында бекитилген, такталган план 6 030,9 миң сомду түзгөн, иш жүзүндө 6 486,9 миң сом түзгөн, же план 107,6% аткарылган, же кирешелер пландалгандан 456,0 миң сомго көп түшкөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 3 603,2 миң сом суммасында бекитилген жана 7 848,6 миң сом суммасына такталган. Кассалык чыгымдар 6 264,5 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү чыгымдар 5 571,4 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

